DOI:10.26104/IVK.2022.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 5, 2022

*Айталиева Т.К.*

# «КУРМАНБЕК» ЭПОСУНДАГЫ АТА-БАЛА МАМИЛЕСИ

*Айталиева Т.К.*

# ОТНОШЕНИЕ ОТЦА И СЫНА В ЭПОСЕ «КУРМАНБЕК»

*T. Aytalieva*

# RELATIONSHIPS FATHER AND SON IN THE EPOS «KURMANBEK»

*УДК: 398*

*Кыргыз элинде эпикалык поэзия жогорку деңгээлде өнүккөн. Анын айкын мисалы катары бай мазмундуу көп сандаган баатырдык, социалдык-турмуштук, лиро-романтикалык эпосторубузду алсак болот. Көпчүлүк эпосторубуз Орто Азия, Могол хандыгы, казак, ногой элдеринин тарыхында «Калмак доору» катары айтылып калган XV-XVIII кылымдардагы элдин башынан өткөн катаал учурдан маалымат берет. Бул мезгилде Орто Азияда жашап турган калктарга калмактардын феодалдык төбөлдөрү тынымсыз кол салып турушкан. Элдин башынан өткөргөн кыйынчылыктары, калмак төбөлдөрү менен болгон күрөштөрү элдик оозеки чыгармаларыбызда кеңири чагылдырылган. Калмактар менен болгон күрөштү чагылдырган эпосторубуздун бири – «Курманбек» эпосу. Эпостун бир нече айтуучусу болгондугу тууралуу эл арасында маалыматтар айтылып калган. Бүгүнкү күндө бизге К.Акиев, С.Дыйканбаев, М.Мусулманкуловдун айтуусундагы варианттар келип жетти. Эпостогу негизги темалардын бири ата-бала мамилеси деп айтууга болот. Башкы каармандын калмактар менен согушунда Дөлөн кан менен сайышып, жарат алышы жана кийинки тагдырынын сүрөттөлүшүндө бул тема өзөк катары кызмат кылат.*

***Негизги сөздөр:*** *ата, бала, мамиле, эпос, вариант, бата, тескери бата, кастык, дос, жардам берүү.*

*В кыргызском народе эпическая поэзия развивалась на высоком уровне. У нас есть такие виды эпосов как героические, социально-бытовые, и лиро-романтические. Многие героические эпосы дают нам информацию о трудных временах который кыргызский народ жил XV-XVIII веке. В истории многих народов Средней Азии, в могольском ханстве, у казахов и ногойцев это время называется «Век калмыков». То время калмыкские феодальные правители без перерывно нападали на народы, проживающие в Средней Азии. Прошедшие трудности в судьбе народа, борьба с калмыкскими нашественниками в подробности описывается в устной эпической поэзии кыргызов. Один из эпосов отражающий борьбу с калмыками – эпос «Курманбек». Среди народов есть информации о нескольких сказителях эпоса. До наших дней дошли варианты по сказаниям К.Акиева, С.Дыйканбаева, М.Мусулманкулова. Один из основных тем эпоса – отношение отца и сына. Основу произведения составляет борьба главного героя с Долон ханом и его ранение.*

***Ключевые слова:*** *отец, сын, отношение, эпос, вариант, благословение, проклятие, вражда, друг, помощь.*

*In the Kyrgyz people, epic poetry developed at a high level. We have such types of epics as heroic, social, and lyric-romantic. Many heroic epics give us information about the difficult times that the Kyrgyz people lived in the XV-XVIII centuries. In the history of many peoples In Central Asia, in the Mughal Khanate, among the Kazakhs and Nogois, this time is called the age of the Kalmyks. At that time, the Kalmyk feudal rulers continuously attacked the peoples living in Central Asia. The past difficulties in the fate of the people, the struggle against the Kalmyk invaders are described in detail in the oral epic poetry of the Kyrgyz. information about several storytellers of the epic. Variants according to the legends of K.Akiev, S. Dyikanbaev, M. Musulmankulov have survived to this day. One of the main themes of the epic is the relationship between father and son. The basis of the work is the struggle of the protagonist with Dolon khan and his injury.*

***Key words:*** *father, son, attitude, epic, variant, blessing, curse, enmity, friend, help.*

«Курманбек» эпосундагы ата-бала мамилесинин сүрөттөлүшү изилдөөнү талап кылган темалардан болуп саналат. Тарыхта эл коргогон баатырлардын, кол башчылардын аталары менен болгон мамилеси тууралуу ар түрдүү баяндар бар. Алсак, Шаньюй Тумен менен Модэ Шаньюйдун, Жакып менен Манас баатырдын, Тейитбек менен Курманбек баатырдын ортосундагы мамилелер. Тейитбектин баласынан Телтору атын аяганы, ага тескери батасын берүүсү, атанын баласына кылган кастыгы эпосто жогорку деңгээлде чагылдырылган. Молдобасан Мусулманкулов, Калык Акиев, Сарыкунан Дыйканбаевдердин айтуусунда ата-бала мамилесинин сүрөттөлүшүндө айырмачылыктар бар.

М. Мусулманкуловдун вариантында Курманбектин атасынын аты Тейитбек эмес Мадалкан деп берилет. Курманбекти Мадалкандын байбичеси сейилде жүрүп, аркар эмизип жаткан жеринен таап алып, бала кылып багып алат. Ал бала кезинде эле кадимки адамдардан айырмалуу болуп чоңоёт. Калмактарга кордук көрсөтө баштайт. Калмактар менен кармашып жеңип алгандан кийин, алар Курманбекти кан кылып алууну туура көрүшөт [1, 34-б.]. Ага арачылар мындай дешет:

Падыша болуп алгын - деп,  
Биздин жерге баргын - деп,  
Темирден коргон салгын - деп,  
Алман, зекет, үшүрүн,  
Билгенинче алгын – деп [1, 38-б.].

Курманбекке калмактар коргон салып беришет. Окуянын өнүгүшүндө айтуучу башкы каармандын Канышайга үйлөнгөнүн, атасынын шаарына учурашууга барганын, ошол учурда калмактардын ага каршы козголоң чыгарып, шаарын камап калышканын сүрөттөп берген. Канышай болуп жаткан окуялардан кабар берип, кат жазып бир жигитти Курманбекке тез жеткин деп жөнөтөт. Курманбек баатыр шаарын душмандар камап жатканын уккандан кийин, минип жүр-

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



гөн аты Көкдөнөн жаштык кылчу мал эле деп ойлоп, кырк жигиттин Телтору атты сурап келгиле деп атасына жөнөтөт. Мадалкан ачууланып атын бербей коёт. Кырк жигит Курманбектин апасына барышып, Мадалкандан атты сурап бериңиз деп суранат. Апасы барып атты сураса, кан ага кол көтөрөт. Булардын баарын кырк жигит Курманбекке айтып барышат. Ачууланган Курманбек Молотия шаарына кирип барат да кайра ойлонуп, жигиттерине мындай дейт:

Ачуум менен барайын,
Абышканы төбөгө,
Кылыч менен салбайын,
Ачуу душман, акыл дос,
Айып сөзгө калбайын.
Шарияттан мен уктум,
Атага кылса акаарат,
Болбойт экен деп уктум.
Молдолордон мен уктум,
Атага кылса акаарат,
Жаман экен деп уктум - деп калмактар курчап алган шаарын көздөй аттанат [1, 66-б.].

К. Акиевдин вариантында Курманбек калмактар менен кармашып, Экезди сайып, Дөлөндү жеңип олжо алып, Кашкардын каны Аккан менен достошуп элине кайтып келет. Курманбектин аман-эсен олжолу кайтып келгенине эли кубанып тосуп алышат. Тейитбек келбей коёт. Себеби Курманбек калмакка кол салганы кеткенде, Тейитбек менен кеңешпей, өзү чечим чыгарган болот. Ал өзүн тосуп чыккан эл менен сүйлөшүп, аларды узаткандан кийин, атасы Тейитбекке барып учурашып, таарынычын сурайт. Тейитбектин баласынын айткандарына кабагы жазылып, анын алып келген малдарын көрүп кубанып калат. Тейитбектин жекече сапатын сыпаттоодо айтуучу төмөнкүлөргө токтолгон: Өзү малга кароо, сүткор, малды баласынан да жакшы көргөн киши, санаасы тынып, көңүлү жайланып калды [1, 174-б.].

Казы-муптуларын, эл бийлеген мыктыларын, көңүлү сүйгөнүн, көбүнчө бийлерин чакырып алып: “Силер Курманбекке сүйлөшкүлө кыргыз, кыпчактан кыз тандасын, колдон келет эмеспи, өз эл деген жакшы болот. Өз өлтүрбөйт, жат жалгабайт деген” - деди Тейитбек [1, 174-б.]. Эл билермандары Курманбекке барып, атасынын айткан сөзүн айтышат. Курманбек атасынын сөзүнө макул болбойт. Ал Оогандын каны Бакбурдун кызынын дайынын угуп жүргөнүн, ким Бакбурханды сайып жеңип алса, ага кызын бере турганын айтып, ооганга барууну көксөп жүргөнүн айтат. Тейитбектин вазири Зайырбекке ушулардын баарын айтып, өзү менен чогуу баруусун айтат. Зайырбек Тейитбектен да, Курманбектен да коркот, эгер Тейитбектин каарынан коргосо, Курманбек менен Ооганга чогуу барууну туура көрөт. Алар жолго чыгышып, Бакбурхандын шаарына жетишет. Зайырбек канга кудалашып келгенин билдирет. Бакбурхан өзү койгон шарт боюнча, Курманбек менен сайышка түшүп жеңилип калат да, кызы Канышайды берет. Курманбек Канышайды алып келип, Кашкардан Аккан досун алып келип башына коюп, чоң той өткөрөт. Куда-сөөк, тамырын, досун узатып жатып калат. Арадан беш-алты жыл өткөндөн кийин, атамдын жанынан чыкпай жатканча Аккан менен канаатташ Турпанга ордо салдырам деп, аны эки жылда бүтүрөт. Атасы менен учурашуу үчүн Жазы шаарына келет. Калмакка барар убагымдан үч ай өтүптүр, эми да болсо барайын - деп атасынан Телтору атты суратат. Тейитбек ачууланып, атын бербей турганын билдирип уулун каргайт. Тейитбек акырая карап, кырк жигитке ачууланып, ээгин кемшеңдетип, сакалын селкилдетип, Курманбекти каргай баштады: “Мага кеңешпестен калмакка чабуул салат, менин айтканыма болбой өзү билип катын алат, өз керегим тийбестен Телтоору атымдын керегиi тийиптирби, мен ат бере албайм” - деп каргап баштайт [1, 220-б.]. Тейитбектин сөзүн уккан кырк жигит Курманбекке атаңды жок кылып, атын тартып алалы деп айтышат. Курманбек ичинен капалanса да, сыртынан билдирбей өзүнүн ордосун көздөй жөнөйт. Ал үйүнө келип түшкөн күнү түн ичинде калмактар келип, ордосун курчап калат. Калмактар менен болгон согушта **Койкүрөң** атты минип кармашкан Курманбек душмандардан жеңилип калат. Ал жарадар болуп, кырк жигити карабай кетет. Курманбек аңга түшүп кетип, бир жапыз жеринен тырмалап чыгып, аңдын жээгинде башын жөлөп отурат. Ошол учурда анын жанынан кербендер өтүшөт. Бул кербен Аккан досунун кербени болот. Ал Курманбек досума жолукпаганыма 6 жыл болду. Уулду болду деди эле, баласын көрүп, досума учурашайын деп келе жаткан болот. Курманбектин калмактар менен урушуп жатканын угуп калып жардам берейин деп шашып келет. Жарадар болгон Курманбекти Аккан досу көптө тааныйт. Курманбек атасына болгон таарынычын баяндап, артында калган жалгызын жакшы кара деп керээзин айтат. Курманбектин сүйлөргө алы келбей, өзүн жаман сезет. Аккандын айласы кетип, жүрөктөгү найзаны сууруп алат. Курманбек көз жумат. Аккан досу ага арнап күмбөз салдырат.

С. Дыйканбаевдин вариантында башка варианттардагыдай Курманбектин ата-теги, төрөлүшү, балалык чагы, калмактарды согушуп жеңип алып, алым төлөтүп койгондугу тууралуу кеңири айтылбайт. Вариант башталганда өтө кыска түшүндүрмөлөр берилет да, Курманбектин калмактарга барар болжолу болуп калганын айтып, кырк жигитине кат жазып берип, атасына жөнөтүп, Телтору атты суратат. Телтору аттын жоого минчү күчтүү ат экендиги бардык варианттарда кездешет. Телтору аты жок Курманбек кыйынчылыкка туш болуп, душманынан жеңилет. Телтору аттын баркын Курманбек жакшы түшүнгөн. [1, 294-б.]. Бул тууралуу төмөкү саптардан билебиз:

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



Аргымагым Тору атты,
Апкелсеңер жетелеп,
Ачуулуу бейжай бербесе,
Анда өлгөнүм менин темселеп [1, 298-б.].

Курманбектин апасы каза болуп калып, атасы башка аялга үйлөнөт. Өгөй энеси атасына ар нерселерди айтып, чалдын мээсин айлантып, ата-бала ортосун ажыратып коёт. Кырк жигит Тейитбекке барып Курманбектин айткандарын айтышат. Ал абдан ачууланып буларды айтат:

Жаман иш болду бул кабар,
Жатканымда тынч аман.
Элге тынчтык бербейт го,
Эмгекке тулган шум балам.
Бул өлбөсө тынбайт го,
Өзүмчө кандык кылбайм го,
Ат бербей койсом жок болор,
Анан тынчып жыргайм го [1, 302-б.]. Тейитбек Курманбектин далай элди кууратып чапканын, сөзүн укпаганын, урушун токтотпой, алым алып тойбогондугун айтып наразы болот. Кырк жигит ачууланып, алардын бири өз уулуна жакшылык жасабаган бул чалды жок кылып, Телтору атын тартып алалы дегенде, кырк жигиттин башчысы ата менен баланын ортосуна түшпөйлү дейт. Алар Курманбекке барып атасынын Телтору атты бербей койгонун айтышат. Курманбек атасына наразы болуп, шаарын көздөй аттанат. Бул вариантта да Курманбек жоо колунан жараланат. Кырк жигит терс бурулуп Телтору ат болбосо, Тейитбекке өтүп кетебиз деп чечим чыгарышат. Эпостун сюжетинин өнүгүшүнө талдоо жүргүзүүдө К.Акиев менен С. Дыйканбаевдин вариантында окшоштук жактары арбын экенин байкоого болот.

Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында Курманбек калмактар менен болгон согушта жарат алып, кыйналып жатат. Ошол учурда Аккан досу ага жолукмакчы болуп, кырк нарга жүк артып жолго чыгат. Жолдон жоодон жараланган адамды кездештиришет. Жаралуу адам Курманбек болот. Ал Аккан досун үнүнөн таанып, өзүнүн Курманбек экенин айтат. Аккан досу менен көрүшүп аны дарылатып айыктырат. Алар Курманбектин коргонуна келишет. Аккан Канышайды сынап досунун жайын сурайт. Ал Курманбектен дайын жок деп аткандан кийин, “Курманбек өлүп калды” - деп айтат. Канышай керегенин башындагы ак болотту алып, жүрөгүнүн башына малайын деп калганда, Аккан тамашаладым деп токтотот. Сыртка чыкса Курманбек келип калат да алар көрүшүшөт.

Аккан баласынан атын аяган Мадалканга барып көрүшүп, ”Уулуң өлүп калды” - деп айтат. Мадалкан чыгармада абдан акылсыз адам катары сүрөттөлөт. Ал Акканга мындай деп жооп берет:

Уулум жакшы өлүптүр,
Учмактын жүзүн көрүптүр,
Атымдын жаны тыныптыр,
Карып калсам мен деле,
Бир кыйла доорон сүрөйүн - деп жооп берет. Ачуусу келген Аккан Айбалта менен чаап жибергенде, ал жаза тийип калат. Абышка Ак тулпардын мойнун кесе чаап салат. Курманбекке жанындагылар Аккан досуң атаң менен чабышып жатат деп ээрчитип келишет. Аккан абышканы шыйрагынан аркан менен байлап, Телтору аттын куйругуна байлайт да, миздүү таштуу жерден айдап жиберет.

Тулпарлыгын билдирип,
Тумшугун ташка тилдирип,
Асылдыгын билдирип,
Аркасын ташка тилдирип,
Телтору аттын айбы жок,
Абышканы союптур,
Асты эгерде дайын жок.
Адамдын баары жанданып,
Аркан тосуп чапкылап,
Үч күндөн кийин кармашып,
Ат оонарга жаны жок,
Түлкү чымчыр каны жок,
Абышканы союптур,
Кепин кылар жери жок, - деп сүрөттөлүп берилет [1, 110-б.].

“Курманбек” эпосунун үч вариантында тең башкы каармандын атасы кара мүртөз, өзүмчүл, айтканын бербеген, каргышчыл адам катары берилет.

Мадалканды өлтүрүп, анын ордуна Молотия шаарын Аккан досуна билдирип, токсон күнү той кылып, карып менен мискинге жакшы карап, алтын такка Аккан менен Курманбек олтурушуп, Курманбек Молотия шаарына кан шайланып жакшы жашап калышат.

Калык Акиевдин вариантында Курманбектин калмактардан алган жаратынан көз жумганы айтылат. М.Мусулманкуловдо жана С.Дыйканбаевде Курманбекти Аккан досу дарыгер, табыптардын жардамы менен айыктырып алат. Аккан Курманбектин ордосуна келип, Канышайга Курманбектин душмандардан мертингенин айтат. Канышай керегенин башындагы жойболотту алып, өзүн жүрөккө сайып көз жумат. Аккан ак кепиндеп, арую жууп, Канышайды көмүп, Тейитбекти көздөй жөнөйт. Тейитбекке барып, уулуңдан атыңды аяп, жаман күндө калтырдың деп айтат. Чалдын ачуусу келип: “менин уулумду угузганы келбей эле, мени өлтүрүүгө келген экен го, сени да кошо жайлайын” - деп кылычын алып катуу жүгүрүп жеткенде жыгылып, Аккандын Калтар кара жоргосунун башын алып түшүп калды [1, 290-б.].

Телтору атты бек Аккан,
Акырдан чечип алдырып,
Ат бербеген как баштын,
Бутуна кишен салдырып,
Бутундагы кишенден,
Өз баласын унутуп,

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



Бир жылкыга ишенген,
Куйругуна байлады,
Ою жаман оройду,
Ой менен тоого айдады.
Оройлугун билген соң,
Ошентип Аккан жайлады.
Башы калды балжырап,
Ар мүчөсү ажырап,
Теке жоомарт Телтору ат,
Каршы-терши тепкилеп,
Как баш чалдын өлүгүн,
Карга-кузгун, ит-куш жеп,
Элинин баары сүйүндү,
Сооп болду чалга - деп [1, 290-291-бб.]

Аккан Тейитбекти жок кылгандан кийин, Сейитбекти жанына алып, шаарын көздөй жол тартат. Оюнда Сейитбек жетилгенден кийин, калмактардан атасынын кунун куймун деп ойлонот.

С. Дыйканбаевдин вариантында башка варианттардагыдай эле Курманбек алсырап жатканда, жолдон Аккан досуна кезигип, анын жардамы менен айыгып, өзүнүн Ак калаасына келет.Аккан эч кимге айтпастан Тейитбекке барып,баласына жасаган кыянатчылыгын айтат. Тейитбектин Акканга ачууланганынын сүрөттөлүшү: "Курманбек өлүп тынды го десем, анын досу Аккан кайдан келип калды?"-деп Акканга ак албарс кылычын сууруп тап берет [1, 448-б.].

Аккан Тейитбектин токолуна да ачууланат. Бул вариантта ата-баланын ортосундагы касташууга токол аялдын бузуку сөздөрү да себепкер болот.

...Арамза токол жөн жүрбөй,
Атага уулун жат кылдың.
Аргымагын бердирбей,
Аты жок жөө бастырдың,
Алышкан жоого жеңдирип,
Аңга тыгып жаткырдың [1, 449-б.].

С. Дыйканбаевдин вариантында Аккан Тейибекти жана токол аялын жазалап өлтүрөт. Тейитбектин дүнүйөсүн 6 шаар элге таратып беришет. Ал Курманбектин шаарында эки жума болуп, өзүнүн шаарына аттанат. Курманбек кандык тактыга отурат. Кыргыздардын арасында Аккан дос деген түшүнүк бар. Бул адамдардын ортосундагы бийик достуктун үлгүсүн көрсөтүп турат. Досу үчүн эч нерсесин аябай, ак кызмат өтөгөн, чынчылдык, ишенимдүүлүктү туу туткан адамдык сапат даңазаланат.

К.Акиевдин варианты сюжеттик курулушу, окуялардын чагылдырылышы боюнча башка варианттардан айырмалуу жактары бар. Курманбектин ата-энеси тууралуу сүрөттөөлөр, алардын аракеттери да эпостун варианттарында ар түрдүүчө сүрөттөлгөн. К. Акиевдин вариантында Курманбек калмак каны Дөлөндөн жеңилип, ошол жаратынан көз жумса, башка эки вариантта Курманбекти Аккан досу дарыгерлердин мыктыларын таптырып , Курманбекти айыктырып алат.

**Адабияттар:**


1. Курманбек эпосу (К.Акиев, М.Мусулманкулов, С.Дыйканбаевдин айтуулары боюнча). / Эл адабияты сериясы. - Б., 2015.
2. Моисеев В.А. Джунгарское государство и казахи XVII-XVIII вв. - Алма-Ата, 1991. - С. 50.
3. Зотов О.В. Китай и Восточный Туркестан в XV-XVIII вв. М., 1991. - С.150.
4. Курманбек. К. Акиевдин айтуусунда. - Ф., 1970.
5. Курманбек. Сарыкунандын айтуусунда, инв. №667. - Б., 2004.
6. КРУИАнын кол жазмалар фондусу. Инв.1165
7. Курманбек Сейитбек. «Эл адабияты» сериясынын 5-тому. - Б., 1998.
8. Акиев К. Курманбек. - Ф., 1957.